MANAS Sosyal Araştırmalar Dergisi | 2020 | Cilt: 9 | Sayı: 3
MANAS Journal of Social Studies | 2020 | Volume: 9 | No: 3
ISSN: 1694-7215
Research Paper / Araştırma Makalesi

# Чыңгыз Айтматовдун Ааламы Жана Философиясы[1]

Cıldız URMANBETOVA[2]

**Аннотация**

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы кыргыз маданиятынын гана эмес, дүйнөлүк маданиятынын алтын казынасына кирген көркөм бийиктик болуп эсептелинет. Ошондон улам жазуучунун мурасын философиялык жактан талдоо максаты коюлду. "Айтматовдун ааламы" аттуу түшүнүктүн негизги маанилери изилденип, байыркы грек "микрокосмос" менен "макрокосмос" түшүнүктөрү аркылуу каралып чыкты. Айтматовдун ааламынын үч негизги мааниси белгиленип келет: Айтматовдун инсан катарында бул дүйнөнү, жалпы ааламды кабыл алуусу өзгөчө керемет болгондуктан, жазуучунун ааламы менен дүйнөлүк ааламдын өз ара байланышы каралып чыгат; инсан менен инсандын баарлашуусу катарында Айтматовдун окурмандарга карата улуу насааты белгиленет; кыргыз элинин нукура байлыгын, руханий маданиятын, кыргыз жашоосун жалпы дүйнөгө сүрөттөлүшү да чагылдырылып келет. "Айтматовдун философиясы" аттуу түшүнүгү болсо экзистенциалдык алкакта каралып чыкты. Адамдын маңызы бы бийик, же болбосо кыйынчылыктарды туудурган күнүмдүк жашоосу бу бийик – Айтматовдун сөзү менен айтканда, бул бир ойлоно турган нерсе экен. Айтматовдун философиясы аттуу түшүнүктүн эң бир даана чагылдырылган мааниси жазуучунун трагедия категориясын кабыл алуусунда көрүнүп турат. Айтматов трагедиянын бир гана негативдүү маанисин алдыга койбостон, анын ички мазмунунда маанилүү, пайдалуу жана позитивдүү нерсе да жатат деп санаганы философиялык жааттан каралып чыгат.

*Ачкыч сөздөр:* Айтматов, аалам, философия, микрокосмом, макрокосмос

## The Universe and the Philosophy of Chingiz Aitmatov

**Abstract**

As stated in ancient Greek philosophy, every person is a microcosm. In this regard, what does the concept of "Aitmatov's universe" include the universe of a person who acts as a symbol of Kyrgyz culture? Is it possible to present the writer's creativity as a phenomenon of "Aitmatov's philosophy"? I would like to highlight the three meanings of the Aitmatov universe: the first meaning is the perception of this world by Aitmatov's personality, i.e. macrocosm. It is about the relationship between the writer's universe and the universe as the universe. The second meaning is the meeting of the personality of the writer with the personality of the reader. This is the appeal of the personality of Aitmatov to each of us, i.e. intimate talk. The third meaning is the projection of the spiritual culture of the Kyrgyz people in the Aitmatov universe. It is like preserving the national memory of the Kyrgyz. "The Aitmatov Universe" in the present is an established term that reveals the richness of Aitmatov's nature in three basic ways: personal, spiritual-cultural, and universal. In this regard, the philosophical interpretation of this term projects the worldview context, rather than the literary.

*Key Words:* Aitmatov, Universe, Philosophy, Micro cosmos, Macro cosmos

**Atıf İçin / Please Cite As:**

Urmanbetova, Z. (2020). Чыңгыз Айтматовдун ааламы жана философиясы. *Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi, 9*(3), 1990-1998.

**Geliş Tarihi / Received Date:** 26.03.2019 **Kabul Tarihi / Accepted Date:** 22.04.2020

[1] Бул макала "Түрк элдеринин философиялык мурасы" аттуу 1 эл аралык симпозиумда билдирүү түрүндө берилген.

[2] Проф.док. - Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Гуманитардык факультети
Prof. Dr. - Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Edebiyat Fakültesi, urmanbetova.j@gmail.com
ORCID: 0000-0002-4194-6682

## Киришүү

Ар бир адам – бул аалам, демек ал ааламды түшүнүүгө кудурет жетиш керек. Бекеринен эмес Байыркы Грецияда «макрокосмос» жана «микрокосмос» аттуу түшүнүктөр пайда болгон (Платон, 1999, 503-506, 553-557); Сократтан баштап адам дүйнөсүнө, адамдын ички ааламына көңүл бурулуп, философиянын тарыхында канчалаган антропологиялык маселелер талкуланып келген. Адам философиясын бир гана философтор эмес, көрүнүктүү жазучуулар да өздөрүнүн чыгармаларында чагылдырып келген. Кээ бир жазучуулар ойлорун философиялык деңгээлде аныктап келишкен, алардын ичинде кыргыз эл жазучуусу Чыңгыз Айтматов да бар. Айтматовдун ааламын чагылдырганда бир суроо жаралат – кыргыз элинин, маданиятынын символу болгон, бүткүл түрк ааламынын сыймыгы болгон, андан да бүткүл дүйнөнүн алтын мурасына кирген Чыңгыз Айтматовдун ааламы кандай болду экен? Канчалык деңгээлде жазуучунун ааламын философиялык тилде аныктап берүү мүмкүн?

Айтматовдун ааламын түшүнүү үчүн бир гана кудурет эмес, аябагандай чон күч, адамдык бийиктик, философиялык акыл-эс керек окшойт. Жазучуунун ааламын элге сунуштагандан мурда, жазучуунун өзү менен кандайдыр бир диалог куруу абзел. Ошол диалогтун алкагында кандайдыр бир философиялык мүнөздөгү интерпретациялар жаралат деп ойлойм.

Чыңгыз Айтматовдун ааламы, Чыңгыз Айтматовдун философиясы деген эмне?

## Методологиялык ыкма

Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөөдө негизги ыкма катары герменевтикалык ыкма кабыл алынды. В.Дильтейдин түшүнүү философиясы негиз катары кабыл алынып (Дильтей, 1988, 137, 139, 140-145, 151), үч түшүнүк аркылуу каралып чыкты: сезип кайгыруу, түшүнүү жана түшүндүрүү категориялары бирдиктүү системага келтирилди. Мунун негизинде Айтматовдун чыгармаларыларындагы окуялары ички аң сезим аркылуу кабыл алынып, философиялык сезип кайгырууну туудурду деп, айтууга тийишпиз. Аң сезим бул жерде окурмандын ички дүйнөсүнүн белгиси катары чагылдырылып, жазучуунун чыгармаларындагы каармандар менен окуялар аталган ички дүйнөнүн маанилүү элементтери катары эсептелиништи. Ошондон улам, сезип кайгыруунун натыйжасында чыныгы түшүнүү жаралды деп, айтууга мүмкүн, анткени философиялык герменевтиканын негизинде чыныгы түшүнүү бекеринен эмес сезип кайгыруунун натыйжасы катары өнүгүп келет. Демек, түшүнүү бул жерде Айтматов жазуучу катары өзүнүн чыгармаларына берген маани-маңызды чын дил менен кабыл алып, окурмандын өзүнүн ички дүйнөсү катары чагылдыруу болуп эсептелинет. Философиялык түшүнүүнүн негизинде В.Дильтейдин системасындагы үчүнчү категория келип чыгат – түшүндүрүү, башкача айтканда, окурман аркылуу жазучуунун чыгармаларын элге даңазалоо.

Чыгармаларды окууда философиялык герменевтика ыкмасынын бирден бир өзгөчөлүгү – окурмандарды кайдыгер калтырбастан, чын дили менен жазучунун дүйнө таанымын ички аң сезими аркылуу терең кабыл алуу жана натыйжада дүйнө жана адам жөнүндөгү берилген маани-маңызды бекем көздөө жана сактоо.

Экинчи методологиялык ыкма катары экзистенциалдык философиянын категориялары аркылуу Айтматовдун дүйнө жөнүндө айткан сырларын интерпретациялоо. Айткандын негизинде, маңыз жана жашоо түшүнүктөрү алдыга чыгып, чыныгы философиялык диалектика жаралууда. Андан да, экзистенциализмдин өкүлү Н.Бердяевдин философиясында (Бердяев, 1990, 5-7, 12-14, 16-17, 20-21, 32) көрсөтүлгөн тарыхый ылакап, тарыхый эс, тарыхый традиция жана тарыхый улантуучулук категориялары аркылуу Айтматовдун чыгармаларындагы кыргыз маданиятынын өзгөчөлүгүн ачып берүү алдыга чыгат.

Үчүнчү ыкма катары диалог кабыл алынат. Негизи диалог түшүнүгү философиялык ааламда Байыркы Грек философтору аркылуу киргизилген: Сократ баштаган, Платон менен Аристотель толуктаган диалог пикирлердин карама каршылыгынын негизинде чындыкка келүү дегенден башталган. Айтматовдун чыгармаларын окугандан соң, анын экзистенциалдык ойлорун терең

түшүнүү менен бирге жазуучу, анын каармандары менен диалог куруу өзү менен өзү келип чыккандай сезилет.

Демек, экзистенциалдык түшүнүү жана герменевтикалык талдоо – Айтматовдун дүйнөсүн чагылдыруу жана адам менен ааламдын карым катнаштарын философиялык жактан интерпретациялоо иретинде ачып берилет. Экзистенциалдык түшүнүү жана герменевтикалык талдоонун негизинде чыныгы диалог жаралгандыгы объективдүү көрүнүш катары сезилет. Башкача айтканда, логиканын негизинде түшүнүү, талдоо жана диалог – биринен бири чыгып келген жана бирдиктүү системаны түзгөн философиялык ыкмалар болуп сезилет.

Айткандын негизинде макаланын максаты – Чынгыз Айтматовдун жашоо философиясы менен бирге маданият философиясын далилдеп берүү. Бул максатка эки милдет аркылуу жетүүгө мүмкүн – «Айтматовдун ааламы» аттуу түшүнүктүн ички маанисин түшүнүп көрсөтүү жана Айтматовдун дүйнө жана адам жөнүндөгү ой-толгоолорун «Айтматовдун философиясы» катары далилдөө.

## Айтматовдун Ааламы

Айтматовдун ааламы деген түшүнүк илимий чөйрөдө отуруп калган түшүнүк болуп калды, канчалаган окумуштуулар бул түшүнүктүн ар түрдүү мисалдардын негизинде мазмунун чагылдырганга аракеттенип келишкен. Мен да бир философ катары Чыңгыз Айтматовдун ааламы менен философиясын чечмелегим келип турат.

Айтматовдун ааламынын үч маанисин, түшүндүрмөсүн берүү мүмкүн:

- Биринчи мааниси - Айтматовдун инсан катарында бул дүйнөнү, жалпы ааламды кабыл алуусу өзгөчө керемет болгондуктан, жазуучунун ааламы менен дүйнөлүк ааламдын өз ара байланышын бергим келип турат. Эки аалам кезигип тургандай сезилет – бийик инсандын ааламы менен космос маанисиндеги дүйнөлүк аалам. Эки аалам бири бири менен айкалышып, бири бирине таасир этип тургандай сезилет. Айтматовдун инсандык ааламы өзүнө жалпы ааламды сиңирип, ошонун негизинде көркөм чыгармаларды туудуруп, элге сунуп келген. Изилдөөчү Б.Парахонский айткандай, “бир маданияттын, бир адаттын чегинде аң сезим жана ой жүгүртүүнүн түрдүү формалары жаралышы мүмкуүн, алардын өз ара байланыштары маданияттын чыгармачыл потенциалын калыптандырат. Демек, бул нерсе маданияттын өнүгүүсүнүн шарты болуп саналат” (Парахонский, 1988, 140). Бул жерде Айтматовдун кыраакылыгы өзүн өзү чагылдырып турат. Дүйнөлүк ааламды кабыл алып, терең ойлонуп, ошол аалам тууралуу ойлорун чыгармачыл күч, акылман бийиктик менен адамзатка тартуулады. Биз болсо – түшүнөбүзбү, түшүнбөйбүзбү – бул нерсе бизге таандык, пендечилик. “Кылым карытар бир күн” романын алабызбы, “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повестин алабызбы, айтор ар бир чыгармасы кандайдыр бир аалам менен адамдын ортосундагы диалектиканы ачып берип, кайсы адам болбосун ой жүгүртүүгө түрткү болуп берет. Дүйнөнүн маани-маңызын эстеп кала турган адеп-ахлактык ойломдору аркылуу бизге ааламдын мыйзамдарын, анын ичинде айланып турган адамдын максаты менен кыялдарын түшүндүргүсү келген экен.

Адамсыз аалам өзүнүн мыйзамченемдүүлүктөрүн даана көрсөтө албагандай, адам ааламсыз жашоого мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой, өзүн бул дүйнөгө алып келээри шектүү болмок. Демек, адам-аалам философиясы Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында түрдүү багыттарда көрсөтүлүп келген.

Айтылгындан негизинде, Айтматовдун ааламынын биринчи мааниси грек философиясында берилген микрокосмос менен макрокосмостун айкалышы катары сунушталат. Айтматовдун жазуучу катары ички дүйнөсү, бул өзгөчө дүйнө таанымы, демек өзүнүн жеке ааламы. Сократ айткандай, адамдын ички дүйнөсү, бул чыныгы тереӊ аалам, ал ааламды түшүнүү – бир чоӊ маселе.

- Айтматовдун ааламынын экинчи мааниси – инсан менен инсандын баарлашуусу. Айтматов өзү – бийик инсан катары өзүнүн элине, түрк дүйнөсүнө, жалпы адамзатка өзүнүн ички муңун айтып келген, ой-толгоолору аркылуу инсандар менен бөлүшүп келген сымал. Демек, бийик инсан катары ар бирөөбүздүн инсандыгыбызга кайрылып тургандай сезилет. Түшүнөбүзбү, жокбу – бул биздин деңгээлибиз чечет. “Бетме бет” же болбосо “Гүлсарат” чыгармаларын алабызбы, инсандын өздүк ааламын накта акылман катары сүрөттөп берип кеткен экен. Айтматовдун ааламын

түшүнгөн инсан да оңой эмес чыгаар: жазуучу менен ички диалог түзүп, анын инсандык сапаттарын кабыл алуу да өзгөчө жоопкерчиликти жаратып келет. Диалог феноменин изилдеген белгилүү илимпоз-философ М.Бубердин айтымында, эки инсандын "мен" жана "сен" багытындагы инсандык аралык баарлашуу, аң сезимдердин бири бири куюлушу болуп саналат; анда диалог, бул накта руханий интерсубүективдүүлүк байланыш, ал байланыш дайыма өзгөрүлүп турат (Бубер, 1992, 300). "Сыпайчи"дан баштап "Тоолор кулаганда" романына чейин өмүр бою адамды бийик инсандык сапаттарын жоготпой, терең сактаганына үмүт кылган экен. Бул да бир өзгөчө философия катары келип чыгаар.

Адамдын ааламы эң бир татаал жана карама каршылыктуу феномен катары белгилүү, көп учурда адам өзү ички ааламын даана түшүнө албай, кыйналып келет, ошондой учурларда кайсы бир бийик инсан сенин муңуңду түшүнүп, кеңеш берсе кыйналган адам үчүн бул чоң жардам болуп келет. Айтматовдун улуулугу ошондой татаал окуяларды каармандар аркылуу элге тартулоо, демек, канчалаган адамдарга өзүнүн бийик жана терең сөздөрү менен жардам берип келген. Бул да жазуучунун жоопкерчилиги, окурмандардын астында болгон ачык сөз. Ар бир жазуучунун колунан мындай нерсе келе бербейт, ошондон улам Айтматовдун психологиялык деңгээлде жазылган каармандары реалдуу адамдар үчүн чоң өбөлгө, жашоо турмушундагы алган белек. "Бетме беттеги" (Айтматов, 2014, 136-240) инсандын кыйналганын окуп, сөзсүз түрдө ойлонуп калганга мажбурлуусуң: канчалык деңгээлде мындай шартты башыңан өтөөр элең аттуу ойлор жаралат, андан да кийинки жашооң үчүн кандайдыр бир кеңеш болуп бергени – реалдуу нерсе. Чыккынчылык маселеси, демек, адамдын ички дүйнөсүн каңтарууга кудурети жеткен психологиялык драма.

"Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт" (Айтматов, 2014, 241-361) повестиндеги Кирисктин башынан өткөргөн абалынан да ички дүйнөсүндөгү болгон толгонуулар, ошол шартта алган бийик адамдын сабагы алдыга келип чыгат. Бир топ чыгармалардын ичинен аталган чыгарма чындыгында эле философиялык деңгээлдеги идеяларды жаратып, адамдын улуулугун, бийиктигин, акылмандуулугун астыга чыгарган повесть катарында эсептелинсе болот. Башка бир адам үчүн инсан кандай гана баатырдык иштерге барбайт, бул да бир өзгөчө ойлоно турган маселе.

"Жамиладагы" (Айтматов, 2014, 20-103) Даниярдын образы болсо бир гана сүйүнүн негизинде эмес, адамдагы түрдүү сапаттардын алкагында каралып чыгат, бирок алардын баарынан борбордук маселеге айланган сүйүү философиясы тереңделип келет. Демек, жазуучу адамдын ааламын социалдаштырып, мезгилине жараша түрдүү жоопторду да жаратып келген.

Айтматовдун ааламынын бул мааниси жазуучунун Дайсаку Икеда менен курган диалогунан да көрүнүп турат: эки улуу адам бир бирине ички дүйнөсүн төгүп, маанилүү окуялар менен сырларга көңүл буруп, бири бирин терең түшүнүп, чер жазып, кандайдыр бир эки ички ааламдын негизинде бир өзгөчө ааламды туудургандай сезилет, бекеринен эмес ошол диалог "Ода величию духа" деп аталган эмес. Демек, эки инсандын экзистенциалдык мүнөздөгү жашоо тууралуу ойлору өмүрдүн маңызын чагылдырган менен барабар. Жөнөкөй турмуштун негизинде жашоонун маңызы сүрөттөлүп келет, бул бир экзистенциалдык философия эмес эмне?! Философ В.С. Библер бекеринен эмес улуттардын маданияттарын изилдегенде төмөнкү ойду айткан эмес, "ар түрдүү маданияттардын маани-маңыздары жогорку же эң жакшылыктуу мааниде каралышпайт; ар бирөөсү жалпылуулук менен жалгыздык, бийиктикти камтып турат, демек заманбап аң сезимде алардын маани-маңызы бири бирине болгон карым катнаштарында чагылдырылат" (Библер, 1991, 373). Анысы кандай, эки жазуучу эки элдин, эки маданияттын өкүлдөрү катарында маданияттарынын маани-маңызын чагылдырып келишет, андан да бийик адамзаттык деңгээлди белгилеп келишет.

- Айтматовдун ааламынын үчүнчү мааниси – кыргыз элинин нукура байлыгын жалпы адамзаттын астына төгүп берген да адам Айтматов болду. "Ак Кемеде" (Айтматов, 2014, 3-186) кыргыздардын нукура руханий маданиятын чагылдыргандай, "Эрте жаздагы турналарда" (Айтматов, 2014, 244-381) кыргыз жашоосун оор заманда сүрөттөп бергендей, Чыңгыз атабыз кыргыз рухун жалпы дүйнөгө маалым кылгандай, башка эч бир кыргыз азыркы мезгилде улутунун астында андай милдетин аткара элек сезилет. Кыргыздар тээ байыркы замандан бери келе жаткан эл, кичине эл болгону менен эң бир эр жүрөк эл экендигин заманбап мезгил да көрсөтүп турат. Ошол элдин

мурасын төгүп-чачпай, улуттук мүнөзүн чагылдырып, маданий өзгөчөлүгүн бул дүйнөгө жеткирип да келген Айтматов.

Айтматовдун чыгармаларын философиялык тараптан изилдеген К.Ибраимов айткандай, Айтматовдун ар бир чыгармасында терең маани жатат – муундан муунга берилип келген мурас катары табиятка канчалык жамандык жасасан, акыры ал жамандык адамдын башына түшөт деген ою кыргыздардын тарыхынан чыгарылгын моралдык кодекс болуп эсептелинет. Ошону менен бирге Айтматовдун чыгармасында берилген Ана-Бейит улуттук космос, демек улуттук аалам аркылуу интерпретацияланган бийик түшүнүк катары чагылдырылып келген (Ибраимов, 2015).

Бул маани улуттук эстин тарыхтын негизинде сакталышына да өбөлгө болуп келет. Ар бир элдин нукура маданияты болгондой, кыргыз элинин да кылымдар бою сакталып келген мурасы бар экендиги объективдүү көрүнүш. Ошону менен бирге тарыхый доорлордун кээ бир шарттарында ал мурас көмүскөдө калганы да белгилүү. Улуу Айтматов кыргыз маданиятынын нукура байлыгын билген, анын ичинде өзгөчө маанини “Манас” эпосуна берип, “Манасты” улуу Саякбайдын айтымында сактагандыгы да маалым. Өзү кичине чагында чоң апасынын ыр-жоруктарында тарбияланган инсан катары да бул мурасты ички дүйнөсүнө сактап келген. Кийин, дүйнөлүк деңгээлде белгилүү жазуучу болуп калган доордо ошол элдик мурасты заманбап муундарга тартуулап, чыгармаларына жомок катары болобу, үрп-адат катары болобу киргизип, элдин улуттук намысын козгогонго аракеттенген. Бул жерде эң бир сырдуу сөз катары “Ак кемедеги” сөзду элестетүүгө мүмкүн: “Баарынан жакшы көргөнүм жанагы Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү жомок. Көлдүктөрдүн ар кимиси билиш керек дейт таятам. Билбегени күнөөгө батат. Сен ал жомокту билесиңби, ата? Таятам айтат го, жомок эмей эле чын болгон дейт. Илгери-илгери болгон экен да. Биз баарыбыз ошол Мүйүздүү Бугу-Эненин балдары турбайбызбы. Сен да, мен да, башкалар да... Бугу-Эненин балдары турбайбызбы. Сен да, мен да, башкалар да...» (Айтматов, 2014, 90). Философиялык тил менен интерпретациялаганда, ар бир элдин тарыхый-маданий мурасы, бул бир руханий кенч; башкача айтканда, элибиздин архетибин түзгөн негиз.Классик болуп эсептелинген Э.Гуссерль белгилегендей, “ар бир руханий элес өзүнүн маңызына жараша универсалдык тарыхый мейкиндикте же болбосо конкреттүү тарыхый мезгилде орун алат, башка элестер менен бирге жашап, же бир нерсенин артынан умтулуп жашат. Демек, өзүнүн тарыхына ээ” (Гуссерль, 1995, 301). Ошол тарых өзгөчө маданиятты калыптандырат. Улуу психолог жана философ К.Юнг айтмакчы, “архетиптик маданияттан баш тартуу мүмкүн эмес, анткени архетиптерди жок болгон деп саноо мүмкүн эмес. Аң сезимдин ар бир кийинки маданий өзгөрүлүшү бир маселенин алдында калат: өзүнүн деңгээлине жараша архетиптерди далилдөө. Негизги максат - өткөн чактын турмушун заманбап жашоо менен байланыштыруу” (Юнг, 1991, 123).

Кыргыз дегенде жүрөгү дүркүрөгөн, улуттук намыс дегенде башын салып берген, маданият дегенде желегин бийик көтөргөн элдин улуу уулу да Айтматов. “Өзүмдүн элимдин уулу болуп кала берем”, - деген сөзү жазуучунун ички дүйнөсүнүн негизги борбордук “мен” дегенин билдирген деп ойлом. Бекеринен эмес кыргыз дегенде Чыңгыз элестетилген эл катары да өзүбүздү санасак болот. Бул улуулук эмес эмне.

Демек, Чыңгыз Айтматовдун ааламы деген жөн гана түшүнүк болбостон, философиялык мүнөздөгү ойлом болуп саналып калды. Бул бир ачык чындык.

## Айтматовдун Ааламы

Айтматовдун ааламы менен философиясы тыгыз байланышта турган түшүнүктөр. Айтматовдун философиясы дегенде эмнени элестетүүгө болот? Канчалык түрдө Чыңгыз Айтматов философ деп айтууга мүмкүн? Айтматовдун философиясы дегенде акылга эмне келиши мүмкүн?

Ойлонуп көрсөм, Жусуп Баласагын азыркы мезгилде эң бир актуалдуу маселе катары эсептелинген адилеттүү мамлекет тууралуу айтып келиптир. Демек, Баласагын дегенде кыргыздардын, жалпы түрк дүйнөсүнүн коомдук философиясы түзүлүп келгени тууралуу ой жаралат. Кеменгер Саякбай Каралаев көлдөй чайпалган, кыргыздардын эр жүрөктүгүн даңазалап келген, дүйнөдөгү эң көлөмдүү эпосторунун бири болуп саналган «Манасты» элге тартуулап келиптир. Демек, Саякбай дегенде кыргыздардын эпикалык дүйнөсү түзүлгөнү тууралуу ой жаралат. Чыңгыз Айтматов болсо өзүнүн жашап турган мезгилине жараша экзистенциалдык

философиясын кыргыз мүнөзүндө чагылдырып дүйнөгө тартуулап келиптир. Андан да көрөгөч философ сымал дүйнөдө жаңыдан жаралып келген коомдук багыттарды алдын ала көргөн дүйнөлүк инсан болуп келиптир. Бул жөнүндө «Кассандранын тамгасы» (Айтматов, 2014, 3-337) жана «Тоолор кулаганда..» (Айтматов, 2014, 3-351) аттуу чыгармалар философиялык ой-толгоолорду жаратып, дүйнөнү козгоп келгени менен барабар.

Ошону менен бирге адамзатты ыплас сезимдерден коргоп, дүйнөлүк интеллектуалдык күчтөрдү топтоп, «Ысык-Көл форумун» уюштуруп келген да Айтматов болгон. Чыңгыз агабыздын, атабыздын сөзү менен айтканда, «биз жалпы адамзатка кайрылып турабыз» (Ысык-Көл форуму, 1987, 9), деген оюу азыр да кулакта угулуп турат. Демек, Айтматов дегенде кыргыздардын өзгөчөлөнгөн экзистенциалдык философиясы, жашоо философиясы калыптанганы тууралуу ой жаралат. Адам – аалам, адам – инсан, өмүр – өлүм, адам – табият тууралуу чындыгында эле философиялык деңгээлдеги ойлорду Чыңгыз атабыз айтып чыгыптыр. Демек, Айтматов кыргыздардын олуттуу бир экзистенцилдык элдик философу деп айтпай эмне болуптурбуз. Адамдын маңызы бы бийик, же болбосо кыйынчылыктарды туудурган күнүмдүк жашоосу бу бийик – Айтматовдун сөзү менен айтканда, бул бир ойлоно турган нерсе экен.

Экзистенциалдык философия дегенде эң биринчи иретте «эссенция» менен «экзистенция» аттуу түшүнүктөр эске келет, демек маңыз менен жөнөкөй жашоо. Ошол түшүнүктөрдүн алкагында Айтматовдун чыгармаларын карап көрсөк, алдыга баардык чыгармалары болбосо да бир тобу чыгат. Башкача айтканда, экзистенциалдык философиянын идеялары катары Айтматовдун ааламы деген түшүнүк эске түшөт. Алдыда айтылып кеткендей, адам ааламы менен жалпы дүйнө ааламы жазуучунун чыгармаларында экзистенциалдык мүнөздөгү диалектиканы түзүп келген. Көрүнүктүү батыш жана орус экзистенциалисттери адамдын сезимдеринин алкагында (сүйүү, жек көрүү, кайгы, кубаныч, адилеттүүлүк, адилетсиздик…) адамдын жашоосунун маңызын сууруп чыгып философиялык мүнөздө чагылдырышкан, Айтматов болсо өзүнүн көркөм ой жүгүртүүсүндө экзистенциалдык идеяларды улуттук жана глобалдык мүнөздө чагылдырып келген (Ысык-Көл форуму, 1987). Ошондой эле Чыңгыз Айтматов да адамдын пендечилик турмушунан улам бийик инсандык маңызды жаркыратып көркөм маселе катары сунуп келген. Демек, Айтматовдун чыгармачылыгы көркөм философиялык мүнөздө чагылдырылышы жана түшүнүлүшү мүмкүн. Жазуучулар менен философтор өзгөчө интуицияга ээ: көркөм тараптан болобу, философиялык жактан болобу ушул дүйнөнүн жана анын алкагында айланып турган инсандын маңызын сууруп, адамзатка ачык айкын акыйкат катары көрсөтүп келишет.

Айтматовдун философиясы аттуу түшүнүктүн эң бир даана чагылдырылган мааниси жазуучунун трагедия түшүнүгүн кабыл алуусунда көрүнүп турат. Айтматов трагедиянын бир гана негативдүү маанисин алдыга койбостон, анын ички мазмунунда маанилүү, пайдалуу жана позитивдүү нерсе да жатат деп санаган. Трагедия эмне менен байланыштуу болбосун өзүнө тазаланууну камтып келет, демек натыйжада адам баласы жаңы бир кадам шилтегенге мүмкүнчүлүк алат, деп эсептейт. Карап көрсөк, трагедиянын бул мааниси Байыркы Грецияда да берилген: катарсис – чыныгы руханий тазаланууну белгилеген категория болуп саналган. Демек, канчалык түрдө гректердин микрокосмос менен макрокосмос түшүнүктөрү Айтматовдун ааламында чагылдырылса, ошондой эле техногендик цивилизация учурундагы адамзат трагедиясы бийик руханий тазаланууну көздөп келет. Классикалык философиялык идеялар Айтматовдун чыгармаларында көркөм философиялык деңгээлде берилип келген. Ошондон улам «Айтматовдун философиясы» аттуу сүйлөм логикалык мүнөздө кабыл алынып, жазуучунун глобалдык деңгээлде ой жүгүртүп, ички дүйнөсүнөн чыккан эссенциалдык ой-толгоолорун системага келтирген түшүнүк катары сунуштап турам.

Демек, Айтматов да өзүнүн мезгилиндеги жалпы адамзаттын улуу жазуучусу катары дүйнө, тарых, мезгил жана маданият тууралуу акыйкаттуу чындыкты көркөмдөтүп элге, жалпы адамзатка түбөлүктүү мурас катары калтырып келген. Бул себептен улам жазуучу футурологиялык мүнөздөгү экзистенциалдык ойлорун ааламга тартуулап келген. Мунун негизинде, Айтматов менен диалог куруу, Сократ менен окуучулардын маегин чагылдыруу иретинде адам менен ааламдын өз ара

байланышында чыныгы акыйкатты табуу менен элестетилет. Айтматовдун ааламын түшүнүү - бул бир бийик руханий деңгээлге чыгуу иретинде түшүндүрүлөт.

## Жыйынтык

Улуу бир инсан бул дүйнөдөн кеткетден соң анын мурасы сөзсүз түрдө дайыма каралып чыгат. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун феномени бир гана кыргыз элин эмес, бүткүл дүйнөдөгү ойлонгон инсандарды түйшөлтүп келген, бул бир "Айтматовдун сыры" катары белгиленсе болот. Андан да кыргыз маданиятынын символу катарында эсептелгенден соң, азыркы мезгилде Айтматов аттуу символ кандай жактан скталышы мүмкүн жана кайсы бир жаңы символ Айтматовдун ишин улантып кетет деген ойлор жаралат. Ар бир элдин, ар бир маданияттын улантуучулугу тарыхындагы эң бир маанилүү инсандардын, руханий баалуулуктардын уланышынан чагылдырылып келет. Демек, Айтматовдун мурасы биз үчүн – бул бир гана керектүү ойлордун топтолушу эмес, бул кыргыз элинин рухунун өнүгүсүнө түздөн түз таасир эткен түрткү. Кайсы бир учурда элдин казынасынан Айтматовдун таасиринен улам дагы бир жаңы символ жаралышы ыктымал.

Айтматовдун ааламын, Айтматовдун философиясын түшүнгөнгө аракет жасаган адамдар көп, демек бул бир тарыхый инсандык таасирдин көрүнүшү. Мүмкүн ар бир кыргыз адамы ичинен Айтматов менен сүйлөшүп келээр. Өзүңдүн ойлоруна жооп таап албаганда бийик инсанга кайрылат экенсиң. Дегеле, кыйынчылыктар башыңа түшкөндө каалабасаң да философ болгондой абалга такалып калат экенсиң. Ошондо мүмкүн Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары кандайдыр бир жооп берээр. Бул жерде «Ак Кеме»деги сөзү эсиме келип турат: «Бу дүйнөдө кандай күндү баштан кечирбейли, бирок адам туулуп-өлүп турары чын болсо, акыйкаттык түбөлүк жашаары чын…» (Айтматов, 2014: 186). Ошол чыгармаларга кайрылып көрдүңөр беле деген суроо менен макаламды бүтүргүм келип жатат.

Андан да Айтматовдун өзүнүн сөзүн өзүнө колдонгум келип турат: «Бир жарк этип, жалп өчкөн чагылгандай жашап өттүң. Чагылганды Көк Теңир чагат. Көк түбөлүктүү. Менин көңүл жубатарым ушул» (Айтматов, 2014: 185-186). Нургазы Ак Кемеге жөнөгөндөй, биз Айтматовдун бийиктигине жетпей, кол шилтеп, анын акылмандуулугуна суктанып, анын кыргызчылдыгына баа берип тим калбастан, ага таазим этип, мурасын сактаганга кудуретибиз жетип калаар. Арбагы ыраазы болсун. Тиги дүйнөнүн да мани-маңызын түшүнүп калгандыр, ал болсо түбөлүктүү табышмак болуп кала берет.

Демек, Чынгыз Айтматовдун чыгармаларын экзистенциалдык философиянын негизинде интерпретациялап, герменевтикалык талдоо аркылуу маани-маңызын түшүнүүгө жетип, улуу инсан менен диалог куруу иретинде өзүбүздүн ички дүйнөбүздү ачып, кандайдыр бир философиялык мааниде катарсиске учурап калсак – бул болумдун ар түрдүү көрүнүштөрүнүн натыйжасында руханий деңгээлибиздин жолунда дагы бир кадам шилтегенибиз болуп эсептелинсе болот, деген ойдо калуудамын.

## Этикалык билдирүү

"Чыңгыз Айтматовдун Ааламы Жана Философиясы" деп аталган макаланы жазууда илимий, этикалык жана цитаталык эрежелер сакталган; чогулган маалыматтар боюнча эч кандай бурмалоолор жасалган эмес жана изилдөө башка академиялык маалымат каражаттарына баалоо үчүн жөнөтүлгөн эмес.

## Адабияттар

Айтматов, Ч. (2014), *Бетме бет* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор - II т. Повесттер, аңгемелер.

Айтматов, Ч. (2014), *Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор, 2014. - II т. Повесттер, аңгемелер.

Айтматов, Ч. (2014), *Жамила* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор, 2014. - I т. Повесттер, аңгемелер.

Айтматов, Ч. (2014), *Ак кеме* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор, 2014. - IVт. Повесттер, аңгемелер.

Айтматов, Ч. (2014), *Эрте жаздагы турналар* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор, 2014. - II т. Повесттер, аңгемелер.
Айтматов, Ч. (2014), *Ак кеме* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор, 2014. - IVт. Повесттер, аңгемелер.
Айтматов, Ч. (2014), *Кассандра тамгасы* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор, 2014. - III т.
Айтматов, Ч. (2014), *Тоолор кулаганда* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор, 2014. - VIII т.
Айтматов, Ч. (2014), *Ак кеме* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор, 2014. - IVт. Повесттер, аңгемелер.
Айтматов, Ч. (2014), *Ак кеме* //Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түз.А.Акматалиев, - 3 бас. – Б.: Улуу тоолор, 2014. - IVт. Повесттер, аңгемелер.
Айтматов, Ч. (2012), *Когда падают горы (Вечная невеста)*. - Бишкек: Турар, 2012. – 220 с.
Бердяев, Н. А. (1990), *Смысл истории*. – М.: Мысль, 1990. – 176 с.
Библер, В.С. (1991), *От наукоучения к логике культуры. Два философских введения в XXI век*. – М.: Политиздат, 1991. – 413 с.
Бубер, М. (1992), Я и ты //*Квинтэссенция: философский альманах*. – М.: Политиздат, 1990. – 400 с.
Дильтей, В. (1988), Наброски к критике исторического разума //*Вопросы философии*. – 1988. - №4.
*Иссык-кульский форум*. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987. – 272 с.
Ибраимов, К. *Вечность и век Чынгыза Айтматова* // http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:7060 от 3.12.2015
Парахонский, Б. (1988), *Язык культуры и генезис знания*. – Киев: Наукова думка. - 119 с.
Платон, Тимей //*Философы Греции. Основы основ: логика, физика, этика*. – Москва-Харьков, 1999.- 491-571.
Сааданбеков, Ж. (2013), *Философия Чингиза Айтматова*, Бишкек: Принт-Экспресс. – 256 с.
Юнг, К.-Г. (1991), К пониманию архетипа младенца //*Самосознание европейской культуры XX века: Мыслители и писатели Запада о месте культуры в современном обществе*. –М.: Политиздат, 1991. – 366 с.
*Cengiz Aytmatov Dogumunun 75. Yili Icin Armagan*. – Biskek, 2004. – 280 s.

## EXTENDED ABSTRACT

As stated in ancient Greek philosophy, every person is a microcosm. In this regard, what does the concept of "Aitmatov's universe" include, the universe of a person who acts as a symbol of Kyrgyz culture? Is it possible to present the writer's creativity as a phenomenon of "Aitmatov's philosophy"?

I would like to highlight the three meanings of the Aitmatov universe:

The first meaning is the perception of this world by Aitmatov's personality, i.e. macrocosm. It is about the relationship between the writer's universe and the universe as the universe. This is the allegorical significance of the meeting of two universes. "And the day lasts longer than a century" or "The spotted dog running along the edge of the sea" reflects the particular perception of reality by the writer. The dialectic of the relationship between man and the universe is that if a man without a universe simply does not exist, the universe without a man will not be able to reflect his laws of being.

The second meaning is the meeting of the personality of the writer with the personality of the reader. This is the appeal of the personality of Aitmatov to each of us, i.e. intimate talk. "Face to face", "Farewell, Gulsary" show the world of the individual as a special universe with which the writer's universe communicates. The writer socializes the human universe and, in accordance with historical time, finds answers to the most important questions of human nature.

The third meaning is the projection of the spiritual culture of the Kyrgyz people in the Aitmatov universe. It is like preserving the national memory of the Kyrgyz. That is why, over time, the writer himself became a special symbol of the people, the Kyrgyz culture in general. This can be seen in the works "White Ship", "Early Cranes". The works of Aitmatov managed to convey to the world the charm of the Kyrgyz soul, contemplating this world and responding to special manifestations of artistry.

"The Aitmatov Universe" in the present is an established term that reveals the richness of Aitmatov's nature in three basic ways: personal, spiritual-cultural, and universal. In this regard, the philosophical interpretation of this term projects the world view context, rather than the literary.

The concept of Aitmatov's philosophy is more specific, allowing you to focus not on the literary analysis of his works, but on the philosophical nature of the writer's thoughts. In this regard, Aitmatov's reasoning is considered as an existential philosophy, allowing to relate the thoughts and actions of a

person in the context of essence and existence. The Kyrgyz version of existential ideas is presented in many works of the writer, when arguments about the meaning of human life are projected in the Kyrgyz understanding of the world. The relations “the universe is a man, a man is a person, life is death, a man is nature” in the works of Aitmatov receive a kind of interpretation in the context of the originality of Kyrgyz culture. If we take the novel “The Cassandra Brand”, here we can talk about the universal significance of the problems of essence and existence in the Aitmatov performance. Global changes of the world have generated adequate global thoughts about the essence, purpose and purpose of human life. It is no coincidence that his words at the opening of the Issyk-Kul Forum became a call for a deeper appeal of the human spirit: “in art, we appeal primarily to the word, to the spirit, and to consciousness as such, as the initial impulses of life-thinking beings, in the hope that endless knowledge his own essence will help a person to survive and to re-find himself ... ". This means that Aitmatov’s work in an existential sense can be divided into two stages — the national version of existential ideas, and the global level of understanding and reflection of human essence.

The phenomenon of Aitmatov as a writer is revealed in the fact that he seems to open his inner world to everyone who tries to get in touch with his works. That is why a dialogical monologue of a person with himself, a dialogue with a writer and the world as a universe, is born. Obviously, this is the phenomenon of Aitmatov, his greatness, his wisdom and subtle sophistication, his closeness to the human soul and the ability to present the problems of man to the whole world.